Көбүрөөк билгиңиз келеби? ТЭК ачык-айкындуулук демилгелери жана “Юнисон” Коомдук фондунун сайттарына кириңиз.

www.energoforum.kg | www.unison.kg
0 (312) 51-17-00 0 (312) 90-12-16

Кыргыз Республикасынын колдонуудагы ченемдик укуктук документтеринин негизинде иштелип чыкты, жылуулук энергиясы боюнча бөлүгү борборлоштурулган жылуулук жана ысык суу менен камсыздоо үчүн гана колдонулат.

© ОФ “Юстин” КБ, «Юнисон» КФ,
www.unison.kg, тел.: 0 (312) 901216

ЭЛЕКТР ЖАНА ЖЫЛУУЛУК ЭНЕРГЕТИКАСЫ

КҮНҮМДҮК КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨР ҮЧҮН ЭСКЕРТМЕ

Жеткирүүчү менен керектөөчүнүн ортосундагы өз ара мамилелерди жөнгө салган документтер :

- Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодекси (1999-ж.),
- “Энергетика жөнүндө” мыйзам (1996-ж..)
- “Электр энергетикасы жөнүндө” мыйзам (1997-ж.)
- “Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо жөнүндө” мыйзамы (1997-ж.)

Кыргыз Республикасынын калкына коммуналдык кызматтарды берүү эрежеси (2001-ж.);

- Электр энергиясын пайдалануу эрежеси (2012-ж.);
- Жылуулук энергиясын пайдалануу эрежеси (2012-ж..);
- Күнүмдүк керектөөчүлөрүн электр энергиясы менен камсыздоо келишими (2012-ж..);

Электроэнергия

Тармактагы чыңалуу 209-231 Вольт (220 В ±5%) болушу керек
«Жалпы багыттагы электр менен камсыздоо системасындагы электр энергиясынын сапаттык нормасы» МАМСТ 13109 - 97

Электр энергиясын керектөөчү – электр энергиясын кабыл алгычтары электр менен камсыздоочу мекеменин тармактарына туташкан жана аны менен электр камсыздоо келишими (Контракты) бар жак.
Электр энергиясын күнүмдүк керектөөчү – 0,23 жана/же 0,38 кВ чыңалууда иштеген электр энергиясынын кабыл алгычын жашоосун камсыздоо үчүн пайдаланган жана андан киреше албаган жана кызмат көрсөтпөгөн жаран.

Электр менен камсыздоочу мекеме – Электр энергиясын жана кубаттуулукту жөнгө салынуучу тариф боюна бөлүштүрүү жана/же сатуу боюнча ишмердикти ишке ашырган, анын башкаруусунда электр тармактары бар же же толук чарбалык жүргүзгөн, ошондой эле Кыргыз республикасынын мыйзамдарына ылайык тиешелүү ишмердиктин түрүнө лицензиясы бар жак.

Электр бөлүштүрүүчү компания (Жеткирүүчү):

• Керектөөчүнү белгиленген стандарттарга ылайык электр энергиясы менен камсыздайт,

• Керектөөчүдөн электр энергиясы менен пайдалануу эрежелерин сактоону талап кылат ,

• Керектөөчүгө электр энергиясынын төмөн сапаты менен байланышкан эреже бузуулар, электр менен камсыздоонун нормалдуу режиминин калыбына келтирүү себептери жана мөөнөттөрү жөнүндө кабарлайт.

Электр энергиясы

Күнүмдүк керектөөчү:

• электр тармактарына туташтыруу эрежесин сактайт,
• жабдууларды даярдоочу заводдордун талабына ылайык пайдаланат жана электр энергиясын керектөө эрежесин сактайт
• керектөө кубаттуулугун келишимде белгиленгенден жогорулатпайт,
• сапаттуу электр менен камсыздоону талап кылат.

Бардык маселелер боюнча Жеткирүүчүнүн тейлөө сапаты боюнча Борборго кайрылгыла (ар бир РЭСте). *Алардын телефондору электр энергиясы үчүн эсептин алдында көрсөтүлгөн*

Электр энергиясы

Электр энергиясынын сапаты төмөн болгон учурда, Керектөөчү төмөнкүлөргө укуктуу:

• Жеткирүүчүдөн сапатсыз электр энергиясын берүүдөн улам келтирилген зыяндын ордун толтурууга,
• Электр энергиянын сапатына туура келбеген электр энергиясын төлөөдөн баш тартууга.

Электр энергиясынын төмөн сапатына даттануу жол-жобосу:
Колдонуудагы мыйзамдарга ылайык, Керектөөчү төмөнкүлөргө укуктуу:
• Эркин формада “Эреже бузуу жөнүндө акты” түзүлүп, анда канааттанбагандыктын себеби жазылат;
• Акты Жеткирүүчүнүн өкүлү тараптан же ошол эле электр берүү чубалгысынан ток алган үч коңшу тарабынан кол коюлат.
• Актыны Жеткирүүчү компаниянын башкы директорунун атына керектөөчүнүн алдындагы милдеттенмелерин аткаруу талабы менен Арызды кошо жөнөтөт, андан кийин арызды барганын дайыма көзөмөлдөп, арыз тууралуу Жеткирүүчүнүн эсине салып туруу керек.

Бузулган электр жабдууларды экспертизалоо ал жарактан чыгаары менен көз карандысыз тарап – Сот экспертизаларынын мамлекеттик борбору жактан тезинен жүргүзүлүүгө тийиш.

Дареги –Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 97. Тел.: 0 (312) 30-32-82

Үзгүлтүксүз электр менен камсыздоо

Тиричиликке керектөөчүлөрдүн (калктын) электр энергиясын өчүрүү айына бир жолудан көп эмес, 24 сааттан ашык эмес узактыкта болот

ЖЕТКИРҮҮЧҮ (электр бөлүштүрүүчү компания)

• Керектөөчүгө үзгүлтүксүз электр энергиясын камсыздайт,
• Электр энергиясын чектөө жана өчүрүү жөнүндө өчүргөнгө чейин 7 күн мурда кабарлап, анын себебин жана узактыгын көрсөтөт,
• Авариялык режимдер пайда болгондо авария болгондон кийин 5 күндүн ичинде электр менен жабдуунун убактылуу токтотконунун себеби жөнүндө керектөөчүгө кабарлайт,
• Электр энергиясы үчүн төлөбөгөндө керектөөчү электр менен камсыдоодон өчүрүлөт.

Үзгүлтүксүз электр менен камсыздоо

Жеткирүүчү төмөнкү учурда Керектөөчүгө эскертпестен туруп, өчүрө алат:

• Керектөөчү электр тармактарына өз билип туташып алганда;
• Электр энергиясын уурдаганда;
• Электр энергиясынын эсептегичин атайылап бузганда (Керектөөчү тараптан);
• Электр энергиясын пайдалануу үчүн төлөм мөөнөтүн кечиктиргенде;
• Мамэнергия инспекциянын тапшырмасы же каты болгондо.

Үзгүлтүксүз электр менен жабдуу

Күнүмдүк керектөөчү:

• Тармакка туташуунун бардык эрежелерин сактайт,
• Пайдаланган электр энергиясы үчүн өз убагында төлөйт,
• Электр энергиясын каттоосуз керектөөгө жол бербейт,
• Үзгүлтүксүз электр менен камсыздоону талап кылат,
• Электр энергиясынын эсептегичтин бузулушу, ток чубалгыларынын өчүүсүнө байланыштуу авариялар, электр жабдууларынын бардык бузук жерлери тууралу Жеткирүүчүгө тезинен кабарлайт.

Үзгүлтүксүз электр менен жабдуу

Электр менен жабдууну эскертүүсүз өчүргөн учурда:

• Керектөөчү электр энергиясын берүүнүн жыйынтыгында келтирилген зыянды толугу менен Жеткирүүчүдөн өндүрүп алууга укуктуу,
• Керектөөчүнү туташтыруу боюнча бардык чыгымдар Жеткирүүчүнүн эсебинен, Жеткирүүчү мындай өчүрүүгө укуктуу болгон учурдан башка мезгилде жүргүзүлөт.

НЕГИЗДЕЛБЕГЕН АЙЫП ПУЛДАРДЫ ТӨЛӨБӨГӨНДҮГҮ ҮЧҮН ЭЛЕКТР ЭНЕРГИЯСЫН ӨЧҮРҮҮ КОРКУТУП-ҮРКҮТҮҮСҮНӨ ИШЕНБЕГИЛЕ!

Электр энергиясын жана төлөмдөрдүн эсептелишин каттоо

Электр энергияны каттоо электр энергиясын эсептегичи боюнча жүргүзүлөт. Электр энергиясын эсептегич жеткирүүчүнүн менчиги болуп эсептелет, бирок анын сакталышы үчүн керектөөчү жооп берет.

Электр бөлүштүрүүчү компания:

- Керектөөчүнүн катышуусунда ай сайын эсептегичтеги көрсөткүчтү эсептейт,
- Пайдаланылган электр энергиясы үчүн төлөмгө ай сайын эсеп берет,
- Керектөөчү катачылыктар жана так эместиктерди кабарлаганда кайра эсептөө жүргүзүлүп, жаңыланган эсеп жазылып берилет,
- Төлөмдүн мөөнөтү узарганда туумду кошуп эсептөөгө укуктуу болот,
- Төлөбөгөн учурда керектөөчүнү электр менен камсыздоодон өчүрүүгө укуктуу.

Электр энергиясын жана төлөмдөрдүн эсептелишин каттоо

Керектөөчү:

- Эсептегичтен көрсөткүчтү алганда катышат,
- Эсептегичтин көрсөткүчү эсептин көрсөткүчү менен ДАЙЫМА туура келерин карап турат,
- Жеткирүүчүгө алынган эсептеги каталар жана так эместиктер тууралуу 3 күндүн ичинде кабарлоого укуктуу,
- Эсепти өз убагында төлөйт,
- Төлөнгөн эсепти 3 жыл бою сактайт.

Эч убакта эсептегичтин көрсөткүчүн “жашырбагыла” жана текшерүүчүлөрдүн ар кандай алдаган сөздөрүнө ишенбегиле – мындай эсептегичтин механизмине кийлигишүү бир кыйла кымбатка туруп калат!

Электр энергиясын жана төлөмдөрдүн эсептелишин каттоо

Эгер электр энергиясын эсептегич бузулуп калса:
1. Керектөөчү электр бөлүштүрүүчү компанияга (жеткирүүчүгө) бузулгандыгы тууралуу кабарлашы керек,
2. Текшерүүчү, керектөөчү жана күбөлөр бузулуунун себеби жөнүндө Акты түзөт,
3. Текшерүүчү бузук эсептегичти алып, аны Акты менен бирге пакетке салып, пакетти пломбалап коет.
4Жеткирүүчү башка, иштеген эсептегичти экспертиза жүрүп жаткан учурда өз эсебинен убактылуу коюп берет,
5. Керектөөчү пломбаланган пакетти экспертизага алып барат.

Электр энергиясын жана төлөмдөрдүн эсептелишин каттоо

Эгер керектөөчүнүн төмөнкүдөй аракеттери далилденсе:

Күнөөлүү

3 күндүн ичинде керектөөчү төмөнкүлөрдү төлөшү керек:
- экспертизага кеткен бардык чыгымдарды,
- оңдоо ишине же жаңы эсептегичти орнотууга байланыштуу чыгымдар,
- эсептелбеген энергиянын саны (сумма жеткирүүчү тарабынан аныкталат)

Күнөөлүү эмес

Жеткирүүчү 10 күндүн ичинде бардык чыгымдарды кайтарат

Электр энергиясын эсепке алуу жана төлөмдөрдү эсептөө

Эсептегичтин корпусундагы көрүнөө бузуктук, “пломбанын” жоктугу же бузулушу эсептегич механизмине кийлигишүүнүн далили болуп эсептелбейт жана айып пул салуу үчүн себеп да боло албайт

Экспертиза көз карандысыз жана кызыкдар эмес тараптан – Сот экспертизаларынын Мамлекеттик борбору тарабынан жүргүзүлүшү керек.

Дареги: Бишкек ш., Бөкөнбаев, 97, Тел. 0 (312) 30-32-82

Электр энергиясын эсепке алуу жана төлөмдөрдү эсептөө

Акы көрсөткүчтү алган учурдагы эсептегичтин реалдуу көрсөткүчү боюнча эсептелет. Эгер текшерүүчү керектөөчүнү үйүнөн таппаса, эсеп суммасы бул мезгил үчүн мурунку маалыматтар карата орточо суммада алынат.

Электр энергиясы үчүн эсеп мазмуну:

- даректик маалыматтары (фамилиясы, дареги, участогу);
- эсептешүү мезгили,
- колдонулган мезгил үчүн баштапкы жана акыркы көрсөткүчтөр,
- Электр энергиясына тариф (баарына бирдей стандарта – 0,7 сом күнүмдүк керектөөчүлөр үчүн),
- туум (карыз болгон учурда),
- төлөнө турган сумма.

Электр энергиясынын акысы үчүн төлөмдөрдү эсептөө

Электр энергиясынын эсептегичи аркылуу

Эсептегичтин көрсөткүчү бир айга • Колдонуудагы тариф **(0,70 сом/кВтс)**

Электр энергиясынын акысы үчүн төлөмдөрдү эсептөө

Эсептин бардык графаларын көңүл буруп карагыла!

Сизге түшүнүксүз эсептөөлөрдү тактап алууга убактыңызды аябаңыз

Жылуулук энергиясы:

Турак үйдөгү абанын температурасы төмөнкүдөй болушу керек:

- Ванна бөлмөдө
  +25°С тан төмөн эмес;
- далисте, тепкичте
  +16°С тан төмөн эмес;
- жашаган бөлмөдө
  +18°С тан төмөн эмес;
- ашканада, дааратканада
  +18°С тан төмөн эмес;

Жылыткыч шаймандырынын долбоордук шарттарга туура келген жана керектөөчүлөрдүн үйдү жылуулоо боюнча иш чараларды аткарган шартта

Жылуулук энергиясы:

Ысык суунун температурасы төмөнкүдөй болушу керек

- Алуучу жерде:
  +57° Сдан төмөн эмес

КР Өкмөтүнүн 2001-жылдын 11-декабрында бекитилген №783 Кыргыз Республикасында калкка коммуналдык кызматтарды көрсөтүү Эрежелерине ылайык жана МАМСТ 30494-96 турак жай жана коомдук имараттар. Имараттагы микроклиматтын параметрлери (1996-ж.)

Жылуулук энергиясы:

Жылуулук энергиясын керектөөчү – жылуулук тармагы жана/же жылуулук орнотмолору жылуулук берүүчү уюмдардын тармактарына туташкан жана аны менен жылуулук жабдууга Келишими (Контракты) бар жак.

Жылуулук берүүчү уюм - юридикалык жак болуп эсептелген жана менчигинде же толук чарбалык ээлигинде жылуулук энергиясын иштеп чыгуучу, жылуулук тармактары бар жана келишимдик негизде керектөөчүлөргө жылуулук энергиясын берүүнү камсыздаган ишкана.

Жылуулук энергиясынын сапаты

Жылуулук берүүчү компания:

• Керектөөчүнү сапаттуу жылуулук энергиясы менен үзгүлтүксүз камсыздайт;
• Тиешелүү техникалык абалды жана үй ичиндеги системасынын коопсуздугун сактайт, жылуулук менен камсыздайт жана жылуулук энергиясын эсептейт;
• Керектөөчүнү жылуулук энергиясын жана/же ысык сууну берүүнү чектөө же токтотуу жөнүндө себебин жана узактыгын көрсөтүү менен өчүргөнгө чейин 7 суткадан кем эмес мөөнөттө кабарлайт;
• Керектөөчүдөн жылуулук энергиясын жана ысык сууну чынында пайдалангандыгы, ошондой эле жылуулук менен жабдуу системасынын квартира ичиндеги техникалык тейлөөсү боюнча аткарылган иштер үчүн карызын соттук тартипте өндүрүп алууга укуктуу.

Жылуулук энергиясынын сапаты

Жылуулук энергиясын керектөөчү:

• Жеткирүүчүнүн төмөнкүлөр боюнча эскертүүсүн аткарат:
• Тиешелүү техникалык абалды жана керектөөчүгө тиешелүү квартира ичиндеги/үй ичиндеги жылуулук менен жабдуу системасын жана жылуулукту пайдалануучу жабдууларды жана ысык сууну эсептегич приборлордун коопсуздугун камсыздайт,
• Үйлөрдү/квартираларды (терезе айнектеринин болушу, эшиктерде жана терезелерде тешиктердин жоктугу, кире бериштеги эшиктерди жабуу) жылуулоо.

Жылуулук энергиясынын сапаты



• Жеткирүүчү менен макулдашпастан жалпы үлүштүк менчиктеги жылуулук берүүнүн үй ичиндеги системасына жылуулук пайдалануучу приборлорду туташтыруу жана алардын элементтерин алмаштырууга уруксат берилбейт;
• Үй/квартиралардын жылуулук жана ысык суу менен камсыздоо системасынын ишиндеги бардык бузулган нерселер жөнүндө Жеткирүүчүгө тезинен кабарлоо керек;
• Көрсөтүлгөн кызматтар жана аткарылган иштер үчүн өз убагында төлөм жүргүзөт.

Жылуулук энергиясынын сапаты

Жылуулук пайдалануучу шаймандардын (батарея, кургаткыч, кран, шамалдаткыч, аралаштыргыч) жана алып келүүчү түтүктөрдүн абалынан турак үй имаратындагы жайлуулук деңгээли көз каранды болорун унутпоо керек. Аталган приборлор жакшы абалда болгон жерде (таштанды толбосо жана тешилбесе) жылуулук болот.

Жылуулук энергиясынын сапаты

Жылуулук энергиясынын сапаты төмөн болгон учурда, Керектөөчү төмөнкүлөргө укуктуу:

• Ысык суу өчкөндө, анын температурасы төмөндөгөндө же бир суткадан ашык убакытта жылуулук үчүн жылуулук энергиясынын жетпегенде, берилген жылуулук энергиясы үчүн кайра эсептешүүнү талап кылат;
• Жеткирүүчүдөн сапатсыз жылуулук энергиясын жеткиргенден улам келтирилген зыянды өндүрүп алат,
• Сапаттын белгиленген стандартына туура келбеген жылуулук энергиясы үчүн акы төлөөдөн баш тартат (490-ст., КР Жарандык кодекси).

Жылуулук энергиясынын сапаты

Жылуулук энергиясынын сапаты төмөн болгонуна даттануунун жол-жобосу
Колдонуудагы мыйзамга ылайык, Керектөөчү төмөнкүлөргө укуктуу:

• Эркин формада “Эреже бузуу жөнүндө акты” түзүлүп, ага нааразычылыктын себептери кыскача баяндалат.

• Жеткирүүчүнүн өкүлү же арыз берүүчү менен жалпы жылуулук же электр жабдуу тармагы бар башка үч Керектөөчү менен Актыга кол коет.

• Жеткирүүчү компаниянын башкы директоруна Келишим шарттары бузулган учурдан 3 күндөн кем эмес мөөнөттө керектөөчүнүн алдындагы милдеттенмелерди аткаруу талабы менен арыз жазып Актыны кошо тиркеп жөнөтөт.

• Арыздын жетишин текшерип турат.

Жеткирүүчү (жылуулук берүүчү компания):

• Керектөөчүгө жылуулук энергиясынын эсептегичин өз эсебинен орнотуп берет (“Электр энергетикасы жөнүндө” КР мыйзамы);
• Үйдө/квартирада эсептеген айда жашаган адамдардын санын тактайт (үй ичиндеги ысык сууну эсептегич жок болгондо);
• Керектөөчүнүн катышуусунда жылуулук энергиясынын эсебинен көрсөткүчтөрдү ай сайын эсептейт (эгер эсептегич орнотулса);
• Эсептегичтин көрсөткүчүнө ылайык колдонулган жылуулук энергиясы үчүн акы эсептейт;
• Керектөөчү кезиккен каталар жана так эместиктер жөнүндө кабарлаганда кайра эсептешүүнү ишке ашырат.

Жеткирүүчү төмөнкүлөргө укуктуу:

• төлөм акысы узарганда туум кошуп эсептейт **(0,1% ар бир күн үчүн)**;
• эсепти айтылган мөөнөттө төлөбөсө (10 күн), керектөөчүгө жылуулук берүүнү токтотот.

Керектөөчү:

• Жылуулук энергиясы үчүн эсептегич көрсөткүчүн алганда катышат же аларды өзү жеткирүүчүгө берет (эсептегич болгондо);
• Жеткирүүчүгө үйүнүн жылытуучу аянтынын, анда жашаган адамдардын санынын өзгөргөндүгү , менчик ээсинин алмашкандыгы тууралуу ырастоочу документтер менен 1 айдан кеч эмес жазуу жүзүндө кабарлайт (үйдө/квартирада ысык сууну сарптоону эсептегич шайман жок болгондо);
• Пайдаланылган жылуулук энергиясы жана көрсөтүлгөн кызмат үчүн Жеткирүүчү көрсөткөн эсепке ылайык, аны алгандан 10 күндөн кеч эмес убакта төлөйт;
• Жеткирүүчүнүн төлөм документтериндеги кезиккен каталар жана так эместиктер жөнүндө Жеткирүүчүгө төлөм эсебин алгандан 5 күндүн ичинде маалымдайт;



Керектөөчү төмөнкүлөргө укуктуу

Сотко Келишимдин шарттарын туура эмес аткарууга байланыштуу келтирилген зыяндын ордун Жеткирүүчүдөн өндүрүп алуу үчүн доо арыз менен кайрылат

Жылуулук энергиясын эсепке алуу



Күнүмдүк керектөөчүгө жылуулук энергиясын эсепке алуу төмөнкү учурда жүргүзөт: Жылуулук максаттары үчүн – эсепке алуунун жалпы үй шаймандары боюнча, Ысык суу менен камсыздоо үчүн – квартира ичиндеги эсеп шайманы боюнча.

Жылуулук энергиясын эсепке алуу

Пайдалнылган жылуулук энергиясы үчүн эсеп мазмуну (жылуулук жана ысык суу менен камсыздоо):

• Даректик маалыматтары (фамилиясы, дареги, участогу);
• Үйдө/квартирада жашаган адамдардын саны, ысык суунун эсепке алуучу прибордун жок учурунда;
• Эсептешүү мезгилинде;
• Эсептешүү мезгилинде ысык суунун эсептегичин көрсөтүү (ал болгондо);
• Жылуулук жана ысык суу менен камсыздоо үчүн, ошондой эле техникалык тейлөө боюнча иштер үчүн тарифтер
• туум (карыз болгон учурда),
• Кызматтардын түрү боюнча төлөмгө көрсөтүлүүчү суммалар;
• Сатуудан алынган салыктын суммасы (бул салык киргизилген аймактар үчүн);
• төлөмгө жыйынтык сумма.

Жылуулук энергиясын эсепке алуу

Колдонуудагы тарифтер (Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу ТЭК тескөө боюнча мамлекеттик департаментинин Аткаруучу кеңешинин 2010-жылдын 21-апрелиндеги № 94 токтомуна ылайык): жылуулук: 715 сом/Гкал.; ысык суу менен камсыздоо: 41,1 сом/метр куб.; техникалык тейлөө боюнча иштер: 0,6 сом айына/кв.метр

Жылуулук энергиясынын акысы үчүн төлөмдөрдү эсептөө

Эсептегич жокто

Жылуулук үчүн

Жылуулук пайдалануунун эсептик өлчөмү (келишим боюнча) X Жылуулук үчүн тарифи

Ысык суу үчүн

Квартирада жашаган адамдардын саны X Пайдалануунун нормативи (бир адамга айына 4,8 куб метри) X Ысык суу менен жабдуу үчүн тариф

Жылуулук энергиясын эсепке алуу жана төлөмдөрдү эсептөө

Эсептегич болгондо

Жылуулук үчүн

$$\frac{\text{Эсептегичтин бир ай үчүн көрсөткүчү}}{\text{Турак үйдүн жалпы аянты квартиранын}} \times \text{Квартиранын аянты} \times \text{Жылуулук үчүн тариф}$$

Жылуулук энергиясын эсепке алуу жана төлөмдөрдү эсептөө

Эсептегич болгондо

Ысык суу үчүн

$$\text{Эсептегичтин бир ай үчүн көрсөткүчү ысык суу үчүн} \times \text{Тарифи}$$

Жылуулук энергиясын эсепке алуу жана төлөмдөрдү эсептөө

Техникалык тейлөө үчүн

Квартиранын жалпы аянты	X	Ысык суу менен жабдуунун үйдүн ичиндеги системасын техникалык тейлөө, оңдоо жана коопсуздугу боюнча колдонулуучу тариф

Жылуулук менен камсыздоо маселелери боюнча Жеткирүүчүгө, жылуулук менен жабдуучу ишканага кайрылыңыздар:

Бишкек ш.:
Бишкекжылуулук тармагы» АК - 56-88-22, 59-19-30 (техникалык директор) , 56-85-58 (диспетчердик кызмат). 611103, (кабылдама)
«Бишкекжылуулукэнерго» КИ- 21-28-43, 21-28-41

Ош ш.:
Ош ш. ЖЭБ («Электр станциялары»АКнын Ош филиалы) - 8-53-32, 8-51-54, 8-52-49 (жетекчилик)

КРдин борборлоштурулган жылуулук менен камсыздоосу бар шаарларында жана кыштактарында, анын ичинде Ош, Жалал-Абад, Нарын, Каракол, Балыкчы, Чолпон-Ата, Талас, Токмок, Кант, Сокулук, Кара-Балта, Орловка, Беловодский:Кара-Балта, Орловка, Беловодское:
«Кыргызтураккоммунсоюз» МИ 38-64-75, 38-64-78, 66-08-48 (жетекчилик), 386478 (кабылдама)

Электр энергиясы мене камсыздоо маселелери боюнча электр энергиясын бөлүштүрүүчү компаниянын астындагы сапаттуу тейлөө борборуна (ар бир РЭСте) кайрылыңыз. Анын телефону сиздин төлөм эсебиңиздин астында жазылган.

Сиз жылуулук жана электр энергиясын камсыздоочуга байлынштуу маселелер боюнча КР энергетика жана өнөржай министирлигинин ишеним телефонуна кайрылыныз: 0 (312) 56 11 13

Сиздер ошондой эле электр энергиясын керектөөчүлөр тармактарынын коомдук борборлоруна кайрылсаңыздар болот:

Чүй областы*:
- Кант ш., - 03132-59203, 0777211168,
- Кара-Балта ш. - 996-3133 41311, +996-557-110-778,
- Токмок ш. - 0 554 03 04 08

Ысык-Көл областы*:
- Каракол ш. - 03922-59187, 0555627842,
- Кызыл-Суу к. – 0555958276,
- Ак-Суу ай. – 0555215951,
- Ананьев ай. жана Ысык-Көл району - 0543-868595,
- Григорьевка ай. - 0772934859, 03943-40907

Жалал-Абад областы:**
- Жалал-Абад ш. - 0555285968

Ош областы*:
- Ош ш. – 03222-2-51-68, 0773 04 47 32, 0558 156061

Нарын областы*:
- Нарын ш. – 0550664305, 0352250989

Баткен областы:**
- Кадамжай ш. - 0552539753

**борборлор «Юнисон»КФ колдоосу менен түзүлдү*

***борборлор ФСКнын колдоосу менен түзүлдү*